Ыман Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектебинин педагогикалык кеңешинде

кабыл алынды.

№ «__» 2022-ж.

Ыман Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектебинин директору ________ Жанчаров А.

тарабынан бекитилди

№ «__» 2022-ж.

# Педагогикалык кеңеш жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жоболор

**1.1 Педагогикалык кеңеш билим берүүнүн негизги маселелерин кароочу билим берүү мекемесинин туруктуу аракеттенүүчү башкаруу органы. Педагогикалык кеңештин төрагасы болуп мектептин директору эсептелет.**

**1.2 Педагогикалык кеңеш өз ишмердүүлүгүндө**

- КР Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамы (30.04.2003-ж. № 92, акыркы редакциясы 23.03.2021-ж. № 38);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобосу;
- КР Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгы (29.01.2021-ж. ПЖ №1);
- 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Программасы (КР Өкмөтүнүн 04.05.2021-ж. № 200 токтому менен бекитилген);
- Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн колдонуудагы Мамлекеттик билим берүү стандарты (КР Өкмөтүнүн 21.07.2014-ж. № 403 токтому менен бекитилген);
- Кыргыз Республикасынын мектептеринде окутуунун предметтик стандарттары жана аларга ылайык келген окуу программалары;
- Билим берүүгө байланыштуу башка укуктук-нормативдик документтер;
- Мектептин Уставына жана ушул жобого таянат.

1.3. **Педагогикалык кеңештин чечими мектептин жамааты үчүн сунуш берүүчү мүнөзгө ээ. Мектептин буйругу менен бекитилген Педагогикалык кеңештин чечими аткарылууга милдеттүү.**

1.4. Педагогикалык кеңештин өзүнүн компетенциясынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алынган чечимдери мектеп директорунун буйругу менен бекитилгенден кийин коллективдин бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү түрдө болуп саналат.

1.5. Аксы районундагы Ыман Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинин педагогикалык кеңеши жөнүндө жобо педагогикалык кеңештин жыйналышында кабыл алынат жана мекеменин директорунун буйругу менен бекитилет.

## 2. Педагогикалык кеңештин милдеттери жана мазмуну.

**2.1 Педагогикалык кеңештин негизги милдеттери:**

Билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик саясатты мектептин деңгээлинде жүзөгө ашыруу;

- Педагогикалык жамаатты окуу-тарбия процессин жакшыртууга багыттоо;
- билим берүүнүн мазмунун, окуу тарбиялык иштин методдорун жана аларды ишке ашыруу ыкмаларын тандап алууну талдайт жана жүргүзөт;
- Педогогикалык кызмакерлердин квалификациясын жогорулатуу,алардын чыгармачылык демилгелери өнүктүрүү боюнча ишти уюштурат;
- Окуучуларды кабыл алуу,окуучуларды кийинки класска көчүрүү, кийинки класска шарттуу көчүрүү жөнүндө, окуучуларды бүтүрүп чыгаруу, ошондой эле ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрү) макулдашуу боюнча окуучуну үй-бүлөлүк билим берүү формасында кайра окутууга калтыруу жөнүндө чечим кабыл алат;

**2.2 Педагогикалык кеңештин функциялары.**

- Окуу пландарын, окуу- тарбия программаларын талкуулоо жана кабыл алуу;
- педогогикалык кызмакерлердин квалификациясын жогорулатуу,алардын чыгармачылык демилгелери өнүктүрүү боюнча ишти уюштурат;
- Мамлекеттик стандарттын негизинде окуучулардын өздөштүрүүсүн көзөмөлдөө;
- Мектептин иш планын талкуулоо жана бекитүү.
- Мектептин педогогикалык кызмакерлердин маалыматын жана отчетун, окуу-тарбия, окуучулардын өнүгүүсү, коопсуздугу ж.б. маселелер боюнча мектеп менен байланышта иштеген уюмдардын өкүлдөрүнүн билдирүүлөрүн угуу.
- Окуучуларды мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясына уруксат берүү, окуучуларды кийинки класска көчүрүү же ордунда калтыруу, билими тууралуу жалпы негизги , жалпы орто билими документтерди, анын ичинде, артыкчылык менен документ берүү, окуудагы ийгиликтери үчүн окуучуларды грамота, мактоо баракчасы менен сыйлоо чечимин кабыл алуу;
- Мектептин уставын, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду ж.б. мектептик ички чечимдерди кабыл алуу;
- Педогогикалык кызмакерлерди КР мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө мектеп директорунун сунушун бекитүү;
- КР мыйзам жана укуктук ченемдик актыларына каршы келбеген бөлөк иштерди жасай алат.

## 3. Педагогикалык кеңештин укуктары жана жоопкерчиликтери.

3.1 . Педагогикалык кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу;

- Сунуштарды иштеп чыгуу жана аларды Педагогикалык кеңеште кароо максатында убактылуу чыгармачыл топторду түзүүгө;
- Өзүнүн компетенциясындагы талаш маселерди биротоло чечүүгө;
- Зарыл болгон учурларда Педагогикалык кеңештин төрагасынын демилгеси менен чогулушка ата-энелер, коомдук уюмдардын өкүлдөрү ж.б. тиешелүү адамдарды катыштырууга.

**3.2** Педагогикалык кеңеш төмөнкүлөргө жооптуу:

- Иш пландын аткарылышына;
- Кабыл алынган чечимдердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына туура келишине;
- Эксперттик бүтүмдөгү окуу программаларын бекитүүгө;
- Ар бир каралган маселелер боюнча жооптууларды жана аткаруу мөөнөтү көргөзүлгөн чечимдерди кабыл алууга.

## 4. Педагогикалык кеңештин ишин уюштуруу.

4.1 Педагогикалык кенеш өз мүчөлөрүнөн коомдук башталыштагы катчысын шайлайт.

4.2 Педагогикалык кенеш мектептин иш планынын негизинде түзүлгөн план менен иштейт.

4.3 Педагогикалык кеңештин чогулушу мектептин чейрек сайын же кварталына кеминде бир жолу чакырылат.

4.4. Педагогикалык кеңештин чечими катышкандардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар бирдей болуп калса педагогикалык кеңештин төрагасынын добушу чечүүчү добушка ээ.

4.5. Педагогикалык кеңештин чечимин аткарууну мектеп директору жана чечимде көрсөтүлгөн жоопуу адам уюштурушат. Аткарган иштин жыйынтыгы кийинки чогулуштарда билдирилет.

4.6 Педагогикалык кеңештин чечими менен мектеп директору макул болбогон учурда, ал үч күндүн ичинде жүйөөлөрдү кайрадан карап чыгуу жана талаш маселе боюнча биротоло чечимди кабыл алуу үчүн райондук билим берүү бөлүмүнө билдирилет.

## 5.Педагогикалык кеңештин иш кагаздары.

**5.1** Педагогикалык кеңештин чогулуштары протоколдонот. Анда маселени талкуулоонун жүрүшү, сунуштар жана эскертүүлөр кабыл алынган чечимдер белгиленет. Протоколго төрага жана катчынын колу коюлат.

5.2.Окуучуларды көчүрүү жана бүтүрүү протоколдору окуучулардын тизмеси менен тариздедип, мектептин буйругу менен бекитилет.

5.3 Протоколдун номери жаңы окуу жылынан башталат.

5.4 Педагогикалык кеңештин чогулуштарынын китеби иш кагаздар номенклатурасына кирип, мектепте 75 жыл сакталат жана акт аркылуу өткөрүлүп берилет.

5.5 Педагогикалык кеңештин чогулуштарынын китеби ар бет боюнча номерленип, мектептин директорунун колу жана печаты менен бекитилет.